DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Матазимов Н.К.*

# КЫРГЫЗ УЛУТТУК СПОРТТУК КҮРӨШҮ БОЮНЧА КАЛЫСТАРДЫН КЕСИПКӨЙЛҮК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНДӨГҮ СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

*Матазимов Н.К.*

# СОЦИАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СУДЕЙ ПО КЫРГЫЗСКОЙ НАЦИОНАЛЬНОЙ СПОРТИВНОЙ БОРЬБЕ

*N. Matazimov*

# SOCIO-PEDAGOGICAL FEATURES OF THE PROFESSIONAL ACTIVITY OF JUDGES IN THE KYRGYZ NATIONAL WRESTLING

*УДК: 796.082.1*

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети болуп кыргыздын улуттук күрөшү боюнча спорттук калыстын кесиптик ишмердүүлүгүнүн социалдык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүнүн маселелери каралат. Изилдөөнүн максаты спорт калыстарынын кесиптик компетенттүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган кыргыз улуттук күрөшү боюнча спорттук калыстын кесиптик ишмердүүлүгүнүн социалдык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүүнү талдоо. Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык эмпирикалык методдор колдонулган: адабий булактардан алынган маалыматтарды, архивдик материалдарды жана документтерди талдоо, байкоо жүргүзүү, баарлашуу, интервью алуу, адистердин иш тажрыйбасын сурамжылоо колдонулду. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында, кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча спорттук калыстын, кесиптик ишмердүүлүгүнүн социалдык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү аныкталган. Кесипкөй спорт калыстарын даярдоо үчүн терең системалуу, мазмундуу иштерди өркүндөтүүнү талап кылынары белгиленди. Калыстар социалдык-педагогикалык жардамга муктаж экени аныкталды. Окуу процессин спорттук калыстыктын назариясынын жана методикасынын негиздерин терең үйрөнүү менен жүргүзүү сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *улуттук күрөш, кесиптик ишмердүүлүк, спорттук калыс, техникалык кыймыл, тактикалык кыймыл, спорттук мелдеш, улуттук категория, мелдештин эрежелери.*

*В данной работе предметом исследования является вопросы социально-педагогических особенностей профессиональной деятельности спортивного судьи по кыргызской национальной спортивной борьбе куреш. Цель исследования – анализ вопросов развития социально-педагогических особенности профессиональной деятельности спортивной судьи по кыргызской национальной спортивной борьбе куреш, направленная для совершенствования их профессиональной компетентности. В ходе исследования были применены теоретические эмпирические методы: анализ данных литературных источников, архивных материалов и документов, наблюдения, беседа, интервьюирование, анализ документов и продуктов деятельности, опыт работы специалистов. В результате изученных документальных источников определенного, социально-педагогические особенности профессиональной деятельности спортивной судьи по кыргызской национальной спортивной борьбе куреш. Выявлено, что подготовка профессиональных спортивных судей нуждается в глубоком системном, осмысленном совершенствовании. Определено, что судьи нуждаются в социально-педагогической помощи. Рекомендовано проведение образовательного процесса с глубоким изучением основы теории и методики спортивного судейства.*

***Ключевые слова:*** *национальная борьба, профессиональная деятельность, спортивный судья, техническое движение, тактическое движение, спортивные соревнования, национальная категория, правила соревнований.*

*In this work, the subject of research is the issues of socio-pedagogical features of the professional activity of a sports judge in the Kyrgyz national wrestling kuresh. The purpose of the study is to analyze the development of socio-pedagogical features of the professional activity of a sports referee in the Kyrgyz national wrestling kuresh aimed at improving their professional competence. In the course of the study, theoretical empirical methods were applied: analysis of data from literary sources, archival materials and documents, observation, conversation, interviewing, analysis of documents and products of activity, work experience of specialists. As a result of the studied documentary sources, certain socio-pedagogical features of the professional activity of a sports judge in the Kyrgyz national wrestling kuresh. It was revealed that the training of professional sports referees needs a deep systematic, meaningful improvement. It was determined that judges need social and pedagogical assistance. It is recommended to conduct an educational process with a deep study of the theory and methodology of sports refereeing.*

***Key words****: national wrestling, professional activity, sports referee, technical movement, tactical movement, sports competitions, national category, competition rules.*

Спорттун өнүгүү этабында калыстардын аткарган кызматтары көбөйүп, ошону менен катарда балбандардын спорттук даярдыгынын мазмуну жана калыстын мелдештеги тапшырмалары татаалдап, Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча калыстардын инсанга болгон талаптар да жогорулады. Аксакалдардын, билермандардын, ардагерлердин жана кадыр – барктуу адистердин оюу боюнча калыс терең билимдүү, жогорку даражадагы интеллектуалдуу, нравалык-эстетикалык, психоэмоционалдык атайын даярдыгы бар, дене даярдыгы өнүккөн, ошондой эле заманбап спорттон теориялык жана практикалык жактан билимдүү болушу зарыл. Мунун баары негиздүү талаптарды коёт: жогорку жеткиликтүү кесипкөйлүгү, коомдук активдүүлүгү, кесипкөйлүк-педагогикалык милдеттерине аң-сезимдүү жана чыгармачыл мамилеси, балбандар, окутуучу-машыктыруучулар, көрүүчүлөр жана башка расмий жана расмий эмес адамдар менен менен тил табыша билүү чеберчилиги.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Калыстын баса белгилеп кетчү жагдайы: "руханий байлыгы, моралдык тазалыгы, дене тарбиялык такшалуусу" жана тандалган спорттун түрүнө болгон күчөтүлгөн сезимдери. Бүгүнкү күндө эл аралык таанымдагы, улуттук спорттук күрөштүн түрлөрүндө калыстын ишмердүүлүгүнүн бир катар жактарын бөлүп көрсөтүүгө болот.

- Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча калыстыкка түздөн-түз окуп үйрөнүүдөгү билим, шык, жөндөмдүн тынымсыз өнүгүүсү жана жөндөмдүүлүк, ийкемдүүлүк, күчөтүлгөн сезимдердин ырааттуу калыптануусу зарыл.

Спорттук мелдештер кесипкөйлүк квалификациясына (деңгээлине) көз каранды болбой туруп, спорттук мелдеш калыстыктын перспективалык (инновациялык) педагогикалык технологиялары (индивидуалдуу) өз алдынча, системалуу мамиленин натыйжасында өнүгөт, заманбап аппаратураларга, курал-жабдууларга жана санариптешүүгө негизделет. Спорттук мелдештердеги калыстыктын оргиналдуу жактарын моделдөө үчүн бардык күч-аракеттерин жумшайт, ошону менен катарда өзүнүн "Мен" деген дымагын жоготпойт.

Калыстыктын жекече өзгөчөлүгү өз практикасына конкреттүү регламентация жана мелдеш эрежелерин сактоо менен кирет, ошол нерселер калыстын кадыр-баркын (абройун) жогорулатып, көрүүчүлөрдүн жана башка адамдардын ортосундагы мамилени нормалдаштырат.

Спорттук мелдеш калыстыктын социалдык планында адамдардын ар түрдүү социалдык топторун, спорттук мелдеш этносторду бир бүтүндүккө бириктирет, ошондой эле спорттук мелдеш катышуу менен инсандын социалдаштыруудагы өсүп-өнүгүшүн жана туруктуулугун жөндөйт жана өзүн-өзү бекемдөөдөгү муктаждыктарын канаатандырат [1].

Объективдүү калыстык республикада жашаган ар түрдүү этностордун ортосундагы мамилени жөнгө салат, өз ара түшүнүшүү, достук, байланыштар жана толеранттуулукту негиздейт. Бул планда кыргыз этносу жакшы мисал болуп бере алат, эмнеге дегенде, спорттук мелдештер өтүп жаткан мезгилинде коомдук-социалдык тартипти катуу сактап, ич ара таарынычтарды унутуп, касташкан адамдардын жана уруулардын кыял-жоругун, өткөндөрүн кечиришип, достук мамилелерге жана жолдоштук өнөктөштүккө бирге катышышкан.

Спорттук мелдеш калыстын маданияттуу жагы корпоративдүү ишмердүүлүктө кесипкөйлүк-педагогикалык багыттуулугу менен түшүндүрүлөт, спорттук-массалык иш-чараларды өткөрүүдө жана уюштурууда маданияттын жогорку деңгээлинин айкындуулугу калыстык ишмердүүлүктүн прогрессивдүүлүгүн көрсөтөт.

Кыргыз улуттук спорттук күрөштүн динамикалуу өнүгүү мүнөзү калыстардын инсандык сапаттарына жана касиеттерине жогорку талаптарды коёт: чечкиндүүлүк, кебелбестик, ойдун туруктуулугу, өзүнө ишенимдүүлүк, өзүн кармануу, айрыкча көрүүчүлөр жана жалындуу күйөрмандар калыстардын чечимине канааттанбаганын эмоциялары аркылуу билдиргенде таасын байкалат.

Спорттук мелдеш калыстыктын нравалык-этикалык жагы – бул деген эч нерсеге карабастан, нравалык жактан идеалдуу болууга даярдык, каражаттык-финансылык кыйынчылыктарды жеңип, жана башкалардан, кыскасы, сырттагы тоскоолдуктарга, жагымсыз көрүнүштөргө карабай, көз карандысыз, адилеттүү жана объективдүү болуусу шарт.

Калыстын көп кырдуу кесипкөйлүк ишмердүүлүгүндө спорттук мелдеш башталганга чейин жана мелдеш бүткөндөн кийинки убакта ар кандай психоэмоционалдык таасирлерди жеңүүсүнө туура келет. Өзгөчө күрөш килеминдеги калыс (арбитр) балбандардан кем эмес толкунданууну жана кыжалаатчылыкты башынан өткөрөт анткен менен анын психоэмоционалдык абалын натыйжалуу нейтралдаштырган жанында окутуучу-машыктыруучу болбойт.

Көбүнчө калыстар өзүнүн психоэмоционалдык туруксуздугунан, өзүнө ишенбөөчүлүктөн, өзүн жоготуунун айынан каталарды кетирет, ушуга байланыштуу килемдеги калыс жогорку нравалык жана катуу психоэмоционалдык сапаттары жана касиеттеринин болушу зарыл, ушул сапаттар айрыкча балбандардын кульминациялык беттешүү убактысындагы өтө татаал учурларга жана кырдаалдарга ишенимдүү турууга жардам берет [2].

Ошол эле учурда кеңешүүгө туура келет, анткени калыстыктын мелдештеги объективдүүлүгү спорттук күрөштөгү балбандар алардын окутуучу-машыктыруучулар жана көрүүчүлөр тарабына күмөн жаратат. Бул өзгөчө аз салмактагы категорияларда кездешет, калыстын чечимдери көбүнчө анын жеке, субъективдүү оюна негизделет.

Спорттук күрөш беттешүүлөрүн өткөрүүнүн шарттары, мелдеш эрежелерин лимиттештирүү, күрөштүн тыгыз физикалык контакта (дайыма кармоодо) өтүшүнүн шарты болуп эсептелет. Ушундан улам мелдеш эрежелерине коюлган талаптарга ылайык, бир гана тыюу салынган техникалык тактикалык кыймыл аракеттин беттешүүнүн кайсыл мүнөтүндө, күрөш килеминин кайсыл жеринде жүз бергенине карабастан, калыс тарабынан катуу жазаланышы керек. Демек, тыюу салынган ыкмалар: атаандашты уруу, муунткан ыкмалар, муундарга каршы ыкмалар, чачтан тартуу жана башкалар, беттешүүнү ийгиликтүү аткаруудагы талапка ылайык келбеген шарттар болуп саналат.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Атаандашкан балбандардын беттешүүсүнүн жүрүшүн көзөмөлдөө учурунда, аёосуз атаандаштык пайда болгондо, альтернативдик (варианты) тандоонун тигил же бул чечиминин алдында турат:

Бул беттешүүдөгү техникалык тактикалык кыймыл аракеттин туура бааландыбы? Бул техникалык-тактикалык кыймыл аракеттин мелдеш эрежелерин бузуу менен болдубу?

Беттешүүдөгү эреже бузулган тигил же бул эпизоддорду түшүндүрүүдө калыс эреже бузулган кырдаалдын учурун критериалдык баалоонун натыйжасында ишке ашыруу керек.

Калыс жыйынтык чыгаруунун алдында балбандардын күрөшүү мезгилиндеги ар кандай образдагы жана ар кайсы учурлары менен кырдаалдарын так, туура талдоосу зарыл. Мелдештерге коюлган талаптарды сактабаган, сырткы көрүнүштөрдү мисалы: атаандаштын манжаларынан кармоо мелдешти токтотууга негиз болот. Мындан башка ар кандай кыймылдар беттешүүдөгү илең-саландык (пассивдүүлүк), себепсиз токтоп туруу же беттешүүнүн жүрүшүн атайылап создуктуруу, килемден кетип калуу (чыгып кетүү) жана башкалар, керектүү критерийлерди колдонуу менен өз алдынча жазалоонун чараларын көрүүгө укук берет. Алардын ичинен өзгөчө белгилей тургандар төмөнкүлөр:

– балбандын максаты же ниети;

– атаандаш менен беттешүүдөгү чабуул койгон балбандын техникалык тактикалык кыймыл аракеттин тездиги жана темпи;

– беттешүүдөгү чабуул койгон балбандын техникалык тактикалык кыймыл аракеттин комбинациялоо (топтоо) мүмкүнчүлүгү;

– атаандаш менен беттешүүдөгү чабуул койгон балбандын техникалык кыймылы. Булар маанилүү кыймылдаткыч күчтөр болуп эсептелинет, ошол эле учурда спорттук күрөштө калыстардын конкреттүү чечим кабыл алуусуна таасир эткен кошумча өзгөчө учурлар жана кырдаалдар катары саналат.

– ачык техникалык кыймылды аткаруу токтотулдубу;

– ачык спорттук эмес жүрүм-турум (ниет);

– атайылап мелдеш эрежелерин бузуу жана башкалар.

Спорттук күрөштөгү баалоо принциптерин балбандардын спорттук квалификациясына, курагына карабастан колдонулушу зарыл. Мындай зарылдык мелдеш эрежелерин бирдиктүү түшүндүрүү үчүн пайда болуп жана балбандардын беттешүүсүнүн жүрүшүндөгү учурларды жана кырдаалдарды аныктоо үчүн, туура чечимдерди кабыл алуу үчүн келип чыккан.

Мелдеш эрежелеринин максаты күрөш килеминде уруксат берилген бардык техникалык-тактикалык кыймыл аракеттин пайдаланууга уруксат берилген, ошондой эле жеңишке жетүү үчүн да колдонулат. Көбүнчө мелдеш эрежелерин ачык бузган балбан өзүн жабырлануучу катары көрсөтүп, кабыл алынган чечимдерди өз пайдасына иштетүүгө аракет кылат.

Спорттук күрөш боюнча мелдештеги калыстыктын маанилүү көйгөйлөрүнүн бири – калыстын тандалган чечимдерди кабыл алуусу. Жалпы планда алганда, мындай багыт төмөнкүдөй көрүнөт:

Мелдеш эрежелери фактылык байкоо бир түрдүү квалификацияланат жана алардын килемде же килемден сырткары экени эсепке алынбайт. Балбандын туура эмес кыймылдарынын өзгөчөлүктөрү канчалык билинбеген сайын калыстардын чечим кабыл алуусунда ар түрдүү пикир келишпестиктерди, ошончолук кайчы пикирлерди пайда кылат. Ушунун баарынын арасынан пикир келишпестиктердин эң башкы жери күрөш килеминин чети жана анын ага таандык (жакын) зонасы.Ушуга байланышкан белгилүү бир мисалды эске салсак, Дүйнөлүк көчмөндөр оюну өтүп жаткан учурда Улуттук категориядагы калыс К. Жамангулов Тажикстан Республикасынан келген катышуучуга коюлган гигиеналык талаптарды аткарбагандыгы үчүн анын оргиналдуу талаптуулугун айтсак болот. К. Жамангулов катышуучунун чачынын узундугуна, килемге кечигип чыкканына, килемдеги калыс менен негизсиз сүйлөшкөнүнө эскертүү берген. Жогоруда келтирилген учур талашып-тартышууну жаратып,чет республикадан келген атайын өкүлдөр, күйөрмандар жана балбандар, балбандын өзү К. Жамангуловдун оюна макул болушкан эмес. Ошол убакта пайда болгон суроого: “Эгерде жогоруда айтылган эреже бузуулар күрөш килеминин ортосунда аныкталганда, катышуучуга расмий түрдө эскертүү бериш керек беле?” калыс менен макул болбогон күйөрмандар, - берилет деген жооп берип, ошол эле учурда: “Бирок бул нерселер күрөш килемнин зонасынан сырткары болду” - деп, каршы пикир айтышкан.

Тилекке каршы, бүгүнкү күндө ар кандай себептерден улам спортук күрөш, жогорудагыдай кыйын кырдаалдарда калыстарды толук бойдон колдой албайт. Калыстар атаандашына жазалоо чечимин чыгарса, жыйынтыгы кабыл алынат, ал эми өзүнүн спортчусун жазаласа, калыстын чечимине каршы чыгышат.

Ошондуктан бул көйгөйдү чечүү өтө зарыл. Бул кемчиликти коомдук калыстар, ардагерлер, билермандар, окутуучу-машыктыруучу жана башка адамдар менен чогуу талдап, сынчыл (критериалдык) негизде корпоративдүү ыкма менен чечүү зарыл көрүнөт.

Балбандардын беттешүүсүндөгү тигил же бул фрагменти калыстар тобунун тарабынан ар тараптуу каралышы керек, мындай учурлар күрөш килеминин зонасында аныкталганда, коргонуучу балбандын эле эмес, чабуулчу балбандын кыймыл-аракеттерин да талдоо зарыл, себеби чабуулчу балбан атайылап мындай кыймыл-аракеттерди атаандашына карата жасоо менен калыстарга симуляциялык таасир этип, өзүнө артыкчылык упай алууга аракеттениши мүмкүн.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Жогоруда айтылгандарды, калыстарга уруксат берилген критерийлер катары төмөнкүчө көрсөтүп берсек болот:

- балбандардын беттешүүсүн калыстоодо, максатка умтулгандык жана объективдүүлүк менен чечим кабыл алуу;

- спорттук мелдештердин жана беттешүүлөрдүн жүрүшүндө кабыл алган чечимдерди катуу кармоо;

- балбандардын беттешүүсүндөгү кырдаалды бирдиктүү чечмелөөгө аракет жасоо.

Калыстар, беттешүү учурунда техникалык-тактикалык кыймыл аракет пайда болгон кырдаалдарда, балбандардын педагогикалык жетектөөсүнө өзгөчө көңүл бурушат.

Ушуга байланыштуу эл-аралык таанымдагы жана улуттук калыстыктын практикасында балбандардын беттешүүсүн жетектөө калыстардын кабыл алган чечимдеринин негизинде жүргүзүлөт. Ошол эле учурда калыстардын чечими “каркас” сыяктуу эсептелинип, айланасы курулуп жаткан үйдөй болуп толукталышы керектигин эстен чыгарбоо керек. Бир гана ушундай мелдештин шартында, кабыл алынган чечимдер калыстар тобунун даяр продукциясы болуп саналат.

Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча мелдештердин өзгөчөлүгү калыстардын чечимдеринин ар тараптуу жетектөөсү.

Биринчи караганда, кызмат кылган калыстар тобунун кесипкөйлүк-ишмердүүлүгү беттешүү учурунда пайда болгон кырдаалдар менен байланышат. Чындыгында бул, калыстык ишмердүүлүктүн сырттан жакшы байкалган өтө зарыл бөлүгү болуп, көрүүчүлөрдүн, окутуучу-машыктыруучулардын жана башка расмий, расмий эмес беттешүүгө өздөрүнүн баасын берген адамдардын көңүлүн өзүнө бурат.

Практикада, калыс ар тараптуу жана негиздүү педагогикалык процесске катышат жана бул процессти жетектеп, кыймыл аракеттерди кеңири белгилүү кылып, калыстар тобунун чечим кабыл алуусуна таасир этет. Алдыга коюлган максаттарды, тапшырмаларды эске алуу менен бирге балбандардын беттешүүсүндөгү калыстардын ишмердүүлүгүндөгү педагогикалык жетектөө боюнча төрт маанилүү багытка бөлдүк.

Өзүн толуктаган жана өз-ара байланыштуулугун талкуулаган жактарды рационалдык көз караш менен спорттук мелдештеги калыстыктын каражаты катары карап, жетектөө процесси менен айкалышканда жыйынтыктуу, сапаттуу иштөөчү механизм болуп саналат [4].

Жогоруда каралган төрт багыттын эн маанилүү негизи биринчиси болуп саналат жана күрөш килеминдеги учурларды, кырдаалдарды жетектөөгө түздөн-түз катышы бар. Спорттук мелдештердеги калыстыктын каражатында ага кыймылдаткыч механизмдин ролу ыйгарылат жана анын иштөө сапатынын деңгээлинен калган үч багыттын кыймыл- аракети көз каранды. Күрөш килеминдеги калыстык ишмердүүлүктүн нормалдуу ишинин бузулушу, калыстыкка тиешеси бар башка адамдардын ишинин тең салмактуулугуна таасир этет.

Улуттук күрөш боюнча калыстыктын каражаттарына коюлган талаптуулук, калыстын ишмердүүлүгүнүн мыйзам-ченемдери бар:

– кырдаалдын учуру;

– күрөш килеминдеги абалды чечмелөө;

– баалоонун ыкмасы - учурдун жүрүшүнүн негизинде оперативдүү жетектөөнү ишке ашыруу;

– балбандардын беттешүү учурундагы жетектөө процесинин бөлүктөрү жана чечимдери;

– калыстын кабыл алган чечимдерин текшерүү (зарыл болсо керектүү түзөтүүлөрдү киргизүү);

– жаңы учуру же кырдаалы;

– кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча мелдештеги калыстар колдонгон каражаттар;

– кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча калыстык процессинде колдонулган каражаттарды карап көргөнгө аракеттенебиз.

– күрөш килеминде мелдеш эрежелерин бузуулар менен пайда болгон абал;

– калыстар бригадасы кырдаалды талдайт жана баалайт;

– ылайыктуу баасын берет ( мисалы, манжалардан кармоо коюлган талаптарга туура келбейт).

Килемдеги калыс беттешүүдөгү эреженин бузулушун ышкырык менен токтотот. Тыюу салынган кармоо ыкмасын колдонгону үчүн эреже бузуунун себебин көрсөтүп, жазалоонун чеги катары эскертүү берет.

Калыстар беттешүүнүн жүрүшүн жана балбандардын жүрүм-турумун көзөмөлдөөнү улантышат. Килемдеги калыс беттешүүнү улантуу үчүн ышкырат. Спорттук мелдештеги калыстыктын так иштөөчү каражатынын чечүүчү кыймылдаткыч күчү - калыстын инсанга болгон жана боло берет. Калыстын кесипкөйлүк- педагогикалык даярдыгынын жогорку деңгээли – кетирилген эреже бузууларды так, ачык, объективдүү жана өз убагында фиксациялоо, ошондой эле чыгарылган чечимдер менен жетектөөнүн педагогикалык чеберчилигин сабаттуулук менен айкалыштырып, сүйлөшүү маданиятын жогорулатуу менен мелдештин катышуучулары, окутуучу-машыктыруучулар, команданын өкүлдөрү жана башка адамдар менен жумуш боюнча байланышын түзүп, өз ара мамилелешүүнүн системасын калыптандыруу болуп саналат.

Көрүүчүлөрдүн аудиториясын жетектөөдө калыс түздөн-түз кыймыл-аракет колдонбойт. Ошол эле учурда сүйлөшүүлөр жолу менен көрүүчүлөр аудиториясындагы климатты белгилүү деңгээлде оптималдаштырат.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Кээ бир калыстар күрөш килемине чыгып, балбандардын беттешүүсүнө калыстык кыла баштаганда айланасындагы көрүүчүлөрдү таптакыр көрбөйт да, укпайт да, ушулардын оюу менен тилектеш болуу керек. Бул чындыгында факты. Ошол эле учурда айланасындагы көрүүчүлөргө көңүл бурбай коюу да болбойт.

Натыйжасында, балбандардын беттешүүсүн педагогикалык жетектөө процессинин негизги маселеси ар тараптуу, деталдуу талдоо, калыстын инсанга заманбап мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо, кесипкөй ишмердүүлүктүн ал же тигил деңгээлде ийгиликтүү аткарууга таасир эткен үчүн керектүү запастарды аныктоо керек.

Балбандардын беттешүүсүндөгү абалдар өтө тездик менен, динамикалуу, ар түрдүү (чабуул, коргонуу, карама-каршылыктуу чабуул) жана алар көрсөтүлгөндөй бүтпөйт. Ушуну менен бирге калыстардын кабыл алган чечимдеринин аныксыздыгы, каталыгы, так эместигинен мындай кырдаалдар инцидентке өтүүгө негиз болот жана бул планда блок системелар бири-бири менен байланышкан жана өз ара бекемделген.

Тигил же бул балбандардын беттешүүсүн жетектеп анын жүрүшүндө чечимдерди кабыл алып, ошондуктан аларды жетекчиликке алат. Ошол эле учурда түшүнбөстүккө, макул эместикке, ар түрдүү пикир келишпестикке жана балбандар менен окутуучу-машыктыруучулар, көрүүчүлөр, команданын өкүлдөрү менен карама-каршылыктарга алып келүүчү кырдаалдар түзүлөт.Ошол эле мезгилде башкасында бардыгы жакшы болот. Ал урматка татыктуу, даярдыктуу, өзүнүн оюна ишенген, сыртынан тыкан спорттук дене түзүлүштө, спорттук күрөшкө жан дили жана жан дүйнөсү менен берилген. Кээде ушундай калыстардын кетирген күнөөлөрү оң кабыл алынат. Мындай калыс өзгөрүлбөгөн жана ишенимдүү.

Кыргыз улуттук спорттук күрөш боюнча калыстыктын мелдештеги өзгөчөлүгү балбандардын күрөшүнүн жүрүшүндө балбандар, бригададагы жамаат, расмий жана расмий эмес адамдар менен тынымсыз өз ара байланышта болуусу. Калыстын тигил же бул чечими сөзсүз түрдө балбандар, окутуучу-машыктыруучулар, күйөрмандар, команданын өкүлдөрү тарабынан байкалган же байкалбаган “тескери байланышка” алып келет. Мындай байланыштардын көпчүлүгүн мелдештеги катышуучулар арасындагы өз ара мамилелердин “батареясын” пайда кылат, булар ар түрдүү учурлардын жана кырдаалдардын негизинде түзүлөт.

Макулдашылган мамилелер мелдеш эрежелери боюнча кабыл алынган чечимдердин туура же туура эместиги менен чектелбейт. Бул баарынан мурда сырткы (эндогендик) көрсөткүчтөрдүн комплекси болот, калыстын ишмердүүлүгүндөгү өздөрүнүн кесипкөйлүк-педагогикалык милдеттерин аткаруу процессинде жүрөт, алар: калыстардын жесттери, көз караштары, сүйлөшүү - кайрылуу стили, башынын кыймылдары жана башкалар. Билим жана жөндөмдүн аракеттер менен кошулганда өзүнүн кыймыл-аракеттеринин туура экендигин түшүнүүгө алып келет, ушул кыймылдаткыч күчтөрдүн негизинде макулдашылган мамилелерди ишке ашырат жана балбандардын беттешүүсүн жетектөөдө өз таасирин тийгизет.

Калыстардын кесипкөйлүк педагогикалык чеберчилигинин квалификациясы, инсандык сапаттары жана касиеттери канчалык жогору болсо, беттешүү учурунда балбандардын, расмий жана расмий эмес адамдардын ишеними ошончолук жогору болот. Калыстар тобунун тарабынан ишмердүүлүгүн жаңыдан баштаган калыстын ишинде мелдеш эрежелерин бузуулар болсо, биринчи жолу кечирим берилет бирок жаңыдан баштаган калыска дооматтар (каршылыктар) болот. Ушул максатта изилдөөнүн натыйжалуу мазмуну “Балбандардын беттешүү маалында пайда болгон учурларды жана кырдаалдарды педагогикалык жетектөө деп атадык. Бирок, балбандардын беттешүү учурунда кызмат кылган калыс кырдаалдын түздөн-түз активдүү катышуучусу болорун эстен чыгарбашыбыз керек [5].

Спорттук күрөштүн учурдагы өнүгүү этабында, балбандар, окутуучу-машыктыруучулар жана башка адамдар тарабынан кабыл алынган чечимдерди калыска таасир эте турган кылып өзгөртүүгө көп аракет жасашат. Эреже катары, мындай аракеттер расмий жана расмий эмес адамдар менен калыстын ортосундагы байланыштын туура эмес варианттарынын бири болуп эсептелинет.

Сырттагы басымга карабастан, өзүнүн чечимин сактай билүүсү, айланадагы ачуулуу адамдарга жооп кайтарууга жол бербеген тандалган сызыкты катуу жана объективдүү кармануусу, калыстын инсандын негизги бөлүгү болуш керек. Антпесе калыска болгон сый-урмат жана ишеним жоголот.

Практика көрсөткөндөй, Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча калыстыкта, калыстар өздөрүнүн жамааттык аракеттерге (окутуучу-машыктыруучулар, күйөрмандардын өкүлдөрү ж.б.) каршы катуу тура алышпайт жана айланадагы адамдар менен көпкө чейин сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт. Бул нерсе республиканын коомчулугунун көптөгөн кайрылууларында, спорттук мелдештердин жыйынтыктарын, айрыкча кульминациялык беттешүүлөрдү талдоо тастыкталат. Эреже катары, алардын мазмунунда талап кылган фактылар ишенимдүүлүгү, ынандыргандыгы менен айырмаланбайт. Балбандардын беттешүүсүнө катышкан калыстар өздөрүнүн тууралыгын ынандырууга аракет жасашат.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Мындай учурларда балбандар, окутуучу-машыктыруучулар, өкүлдөр, күйөрмандар калыстын мындай кырдаалдарда өзүнө ишенгендигин көрсөтүүгө даяр эместигин байкап, басым жасоону улантып, өзү үчүн пайдалуураак чечимди чыгарганга аракеттенет.

Балбандардын күрөшүндө калыстардын психоэмоционалдык учурлары болгон жана боло берет. Психоэмоционалдыктын көрүнүшү жетишерлик назик сезим, ал ар дайым а эле суктанууга болбой турган өзүнчө учурларда карама-каршылыгы байкалат. Балбандардын беттешүүсүн жетектөө учурунда калыста керек болсо балбанды түшүнүп, боор тартып, турушу керек. Балбандардын күрөш учурундагы жаракат алганда жалпы психологиялык спорттук мелдеш классынын негизинде жогоркуда айтылган нерселерге муктаждык келип чыгат. Расмий жана расмий эмес адамдар, күрөш килеминдеги беттешүүдө кызмат кылган калыстар бригадасынын чечимдерине өзгөчө күчөтүлгөн сезимдер, ашыкча жан тарткан достук мамиледе болуу опурталдуу, анткени мунун бардыгы жасалма болушу мүмкүн.

Азыркы учурда калыстарда күчтүү элементтерди колдонууга мүмкүнчүлүк берилген, “Балбандарды күрөш процессиндеги пайда болгон учурлар жана алардын кесипкөйлүк ишмердүүлүгүндөгү кырдаалдарды педагогикалык жетектөө”, бул балбандардын беттешүүсүнүн психологиялык атмосферасын натыйжалуураак жетектөөгө укук берет жана беттешүүнүн жүрүшүн керектүү абалга келтирип, кырдаалдын күчөп кетүүсүн алдын алат.

**Жыйынтыктар:**

1. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында, кыргыз улуттук спорттук күрөшүндө калыстар социалдык-педагогикалык жардамга муктаж экендиги аныкталды.

2. Кесипкөй калыстан кылдаттык, ыкчам аракеттенүү, токтоолук, өзүн-өзү кармай билүү талап кылынары жана күрөш боюнча калыстын эң негизги талабы – чынчылдык, объективдүүлүктү, чечкиндүүлүктү жана ак ниеттүүлүк экени өзгөчө белгиленди.

3. Практикада, калыс ар тараптуу жана негиздүү педагогикалык процесске катышат жана бул процессти жетектеп, кыймыл аракеттерди кеңири белгилүү кылып, калыстардын жалпы тобунун чечим кабыл алуусуна таасир этери тастыкталды.

**Адабияттар:**


1. Анаркулов Х.Ф. Разработка правил и системы соревнований для юных курешистов [Текст]. / Х.Ф. Анаркулов, Р.К. Карабаев // Инновационные подходы в современной науке: сбор. ст. по мат. XIX Международной научно-практической конференции. - Москва, 2018. - №7(19). - С. 38-43.
2. Байман Ф.Е. Киргизская национальная спортивная борьба «куреш» как средство физического воспитания молодежи: автор. дис.к.пед.н.[Текст]. / Ф.Е. Байман. - Ф., 1972. - 21 с.
3. Асанов Т.Ө. Влияние занятий кыргызской национальной спортивной борьбой куреш на некоторые психомоторные качества и успеваемость студентов [Текст]. / Т.О. Асанов. // Организация и методика учебного процесса физкультурно-оздоровительной и спортивной работы: материалы Межуниверситетской научно-практической конференции. - М.: МГУ им.Ломоносова, 2004. - С. 63-64.
4. Узакбаев И.С. Педагогические обоснование принципов и закономерности построения годичного цикла спортивного тренировки в видах единоборств [Текст] / И.С. Узакбаев, Т.С. Разыков, Н.К.Матазимов // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2018. - №1. - 111с.
5. Матазимов Н.К. Кыргыз улуттук спорттук күрөштө спорттук калыстын ишмердүүлүгүнүн укуктук ченемдик негизинин абалы [Текст] / Н.К. Матазимов // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУМУ, 2022. - №1. - 162с.
6. Самудинов К.С. Совершенствование тактической подготовки в кыргызской борьбе «куреш». / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 7. - С. 275-277.